Шатманалиев Болотбек Амановичтин «Орто кесиптик билим билим берүү системасында окуу-тарбия процессин башкаруунун педагогикалык шарттары» деген темадагы 13.00.08- кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына

# Пикир

Кыргыз Республикасында били берүүнү 2021-2040-жылдарга карата өнүктүрүүнүн концепциясында орто кесиптик билим берүү системасында натыйжалуу башкаруунун жетишсиздиги белгиленип, кесиптик билим берүүнүн сапатын жогорулатуу боюнча талап коюлган. Анда республикадагы активдүү калктын 1,5 миллионго чейинкиси, тактап айтканда 64% эч кандай кесиптик билими жок экендиги жана аталган көрсөткүч кесиптик билим берүү саясатын модернизациялоо зарылдыгын күбөлөп тургандыгы, кесиптик окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрдүн профессионалдык даярдыгынын, ал эми окутуучулардын компетенттүүлүгүнүн жетишсиздиги, орто кесиптик окуу жайларда натыйжалуу башкаруу системасынын калыптанбагандыгы ачык белгиленген.

2021-2040-жылдары Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү боюнча каралган программада да орто кесиптик билим берүүгө кесиптик билим берүүнүн сапатын жогорулатуу, орто кесиптик билим берүү системасын оптималдаштыруу, эмгек рыногунун жана керектөөчүлөрдүн суроо-талаптарына жооп берген системаны дээрлик мобилдүү кылуу, финансылык ресурстарды эффективдүү колдонуу сыяктуу маселелер белгиленген. Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүүчү уюмдары жөнүндө жобосунда (КР Өкмөтүнүн 2022-жылдын 1-августундагы № 425-токтому) дагы кесиптик орто окуу жайын башкаруу темасы негизги бөлүмдөрдүн биринде бөлүнүп көрсөтүлгөн.

Жаңы типтеги орто кесиптик окуу жайларын ачуу, уюштуруу иштеринин ар тараптуу такталып даярдалган концептуалдык негиздерин иштеп чыгуу маселеси азыркы учурда актуалдуу бойдон калууда. Ошондой эле орто кесиптик жайлардагы башкаруунун формаларынын өзгөрүшү, мамлекеттик жана жеке менчик болуп бөлүнүшү жана башка процесстер азыркы шартта кесиптик орто окуу жайдагы окуу-тарбия процессин башкаруу маселесин кайра кароону изилдөөнү талап кылууда.

Ошондуктан орто кесиптик билим берүү окуу жайлар системасында окуу-тарбия процессин башкаруунун оптималдуу моделин иштеп чыгуу, аны ишке

ашыруунун педагогикалык шарттарын аныктоо проблемасы актуалдуу болуп турган учур.

Жаны коомдук-экономикалык шарттардагы орто кесиптик окуу жайлардагы абал, кемчиликтер жана өнүгүү багыттары, көйгөйлүү маселелерине Р.Ш.Айылчиев, Ч.Ш.Жакыпова, А.О.Окишев, Б.А. Нурунбетов, А.Т.Токтогулов, Д.Б.Бабаев, Ж.Тойгомбаев, И.К.Касендеев, И.А.Сейтешов, Б.У. Урстамбеков сыяктуу кыргызстандык изилдөөчүлөрдүн жарыяланган илимий эмгектеринде өзгөчө көңүл бөлүнгөн. Орто кесиптик билим берүү системасына тиешелүү болгон темада, мындай окуу жайлардагы окуу процессин башкаруунун инновациялык-педагогикалык шарттары боюнча диссертациялык изилдөө иштери М.А. Мураталиева, орто кесиптик медициналык билим берүү окуу жайындагы кесиптик компетенцияларын калыптандыруунун педагогикалык негиздерин изилдөөгө алган Д.К. Төрөбаеванын диссертациялык иштеринде изилденген.

Бирок орто кесиптик окуу жайлардагы окуу-тарбия процессин башкаруунун педагогикалык шарттары жетишээрлик деңгээлде изилденген эмес.

**Изилдөөнүн максат катары:** орто кесиптик окуу жайлардагы окуу-тарбия процесин башкаруунун эффективдүү башкаруунун технологияларын, аны өркүндөтүүнүн педагогикалык шарттарын ишке ашыруунун моделин иштеп экспериментте текшерүү болгон.

**Изилдөөнүн милдеттери катары:**

1. Орто кесиптик окуу жайларын башкаруунун азыркы абалына талдоо жүргүзүү
2. Орто кесиптик окуу жайлардагы окуу жана тарбия процесин башкаруунун моделин иштеп чыгуу, методологиялык принциптерин, өркүндөтүүнүн педагогикалык шарттарын аныктоо.
3. Иштелип чыккан моделди практикалык ишке ашырууга өбөлгө түзгөн колледждин окуу-тарбия процесин башкаруунун педагогикалык шарттарынын натыйжалуулугун педагогикалык эксперимент текшерүү каралган.

**Диссертацияны изилдөөчүнүн төмөндөгүдөй жекече салымы бар.** Кесиптик орто окуу жайдагы окуу-тарбия процессин башкарууга байланыштуу негизги түшүнүкутөрдү аныктоо менен, башкаруу системасынын натыйжалуулугун арттыруунун педагогикалык шарттар, ага байланыштуу план, моделдери иштелип чыккан. Педагогикалык экспериментте тастыкталган. Изилдөөнүн жүрүшүндө алынган материалдар талдоого алынган, сунуштар иштелип чыккан. Кесиптик орто окуу жайлар үчүн окуу-тарбия процессин башкарууга байланыштуу окуу-методикалык курс, программалар түзүлгөн.

Диссертациянын негизги натыйжалары 26 эмгекте жарыяланган, алардын ичинен 12 макала РИНЦте импакт-фактору бар илимий журналдарда, калгандары илимий-практикалык конференциялардын материалдарынын

жыйнактарында жана атайын окуу-методологиялык каражаты катарында басмадан чыгарылган.
Диссертация кириш сөздөн, үч главадан, корутундудан, ошондой эле 255 аталыштагы колдонулган адабияттардан, таблицалардан, сүрөттөрдөн турат.
Иштин көлөмү 181 барак текст жана тиркемелерден турат.

Шатманалиев Болотбек Амановичтин «Орто кесиптик билим берүү системасында окуу-тарбия процессин башкаруунун педагогикалык шарттары» аттуу диссертациясы 13.00.08-кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруу тууралуу жоболоруна» толук жооп берет.

Диссертацияны алдын ала коргоого сунуштайм.

Илимий жетекчи: _______________ п.и.д., профессор Бабаев Д.Б.

МЕЖДУНАРОДНЫЙ КУВЕЙТСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ
ЭЛ АРАЛЫК КУВЕЙТ УНИВЕРСИТЕТИ
ИНН 02004199810135
Ф.И.О. / Аты жөнү Бабаев Д.Б.
КОЛ ТАМГАСЫН БЕКИТЕМ
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ
Зав. ОК
Ф.И.О. Шатманов Ч.Н.
«24» 12 2024